КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№__2__ протоколунда
«5» ноябрь 2021-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
__ ______ Бердалиев Ч.Б
5.11.2021-ж

# Психолог-педагогдун функционалдык милдеттери боюнча жобо

## 1. Жалпы жобо

Бул кызматтык түшүндүрмө Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамына жана эмгек кодексине ылайыкталып, окуу жайдын психолог – педагогунун квалификациялык мүнөздөмөсүнүн негизинде иштелип чыгып, мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

1.1 Психолог – педагог мекеменин директору тарабынан кызматка алынат жана бошотулат.
1.2 Психолог – педагог жогорку же орто психологиялык билим денгээлине ээ болушу керек же болбосо жогорку же орто педагогикалык билими болуп кошумча “ Психология” кесибине ээ болгон шайкечтик күбөлүгу менен кабыл алынат.
1.3 Психолог – педагог түздөн түз директорго баш ийет
1.4 Өзүнүн жумушунда психолог – педагог Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына, ошондой эле Өкмөттүн чечимдерине, актыларына, Билим берүү министрлигинин жана шаардык, райондук бөлүмдөрүнүн буйруктарына, ошондой эле башка мамлекеттик кызматтардын ден – соолукту коргоо, эмгекти коргоо, социалдык, өрт коопсуздугу, техникалык коопсуздук, эмгек кодекси, жарандын кодексинин ж.б.у.с мамлекеттин юридикалык - укуктук актыларынын негизинде ишин алып барат. Психолог – педагог иштеген мекеменин Уставын жана ички эмгек тартибин, директордун буйруктарын өз ишин ушул кызматтык түшүндүрмө аркылуу ишке ашырат. Психолог – педагог балдар менен иштөөдө ООНдун балдарды коргоо конвенциясын бузбай коргойт.

## 2. Функциясы

Психолог – педагогдун башкы иштөө багыттары төмөнкүлөр:

2.1 Окуу тарбия ишинде окуучуларга жана мугалимдерге психологиялык жардам жана колдоо көрсөтүү.
2.2 Социалдык адаптацияны алдын ала практикалоо.
2.3 Окуучуларга, алардын ичинен өзгөчө муктаждарга психологиялык жардам көрсөтүү. Мугалимдерге жана мектептин башка тармактарында кызмат кылган кызматкерлерине түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

## 3. Кызматтык милдеттер

Психолог – педагог төмөндөгүлөргө милдеттүү:

3.1 Окутуу жана тарбиялоо процесси учурунда, жалпы окуучулардын психологиялык, соматикалык жана социалдык акыбалын коргоп, жакшыртып турганга бүт кесиптик иш аракетин жумшоого милдеттүү.
3.2 Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Балдардын укугун коргоо конвенциясынын негизинде окуучулардын укугун коргоого милдеттүү.
3.3 Мекеменин социалдык абалын жакшыртуу үчүн жана адаптациялоого кыйынчылык туудурган маселелерди алдын алуу үчүн атайын иш- чараларды уюштурууга милдеттүү.

3.4 Окуучулардын инсандык өнүгүү өсүү процессине тоскоол болуп жаткан факторлорду аныктоого жана ошолорду жоюу максатында психологиялык жардам көрсөтүүгө милдеттүү.
3.5 Жалпы мектептин окуучуларына, мугалимдерге жана ата – энелерге белгилүү бир психологиялык кыйынчылыкка жардам көрсөтүүгө милдеттүү.
3.6 Акыркы илимий техникалык жетишкендиктердин жана санариптик технологиялардын жардамы менен психологиялык диагностика жүргүзүүгө милдеттүү.
3.7 Психологиялык, педагогикалык, курактык психологиялык жана мектептик гигиена илимдеринин жетишкендиктерине таянып алып диагностикалык, консультативдик иштерди жүргүзүүгө милдеттүү.
3.8 Керектүү мамлекеттик иш-каналар үчүн психологиялык педагогикалык чечим чыгарып берүүгө милдеттүү.
3.9 Мектептин иш кагаздарын ирээттүү жана аны жалаң гана кесиптик кызыкчылыгында жүргүзүүгө милдеттүү.
3.10 Билим берүүдөгү өздөштүрүү жана коррекциялоо программасын түзүүдө жана пландаштырууда окуучуларды жыныстык, курактык ж.б өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлгөндүгүнө көзөмөл жүргүзүп, анын мамлекеттик стандартка туура келээрин аныктоого милдеттүү.
3.11 Окуучуларга кесиптик багыт берүүгө милдеттүү.
3.12 Мектеп мугалимдердин, окуучулардын жана ата – энелердин маданиятын калыптандырууга милдеттүү.
3.13 Социалдык, психологиялык жоопкерчилигин жогорулатуу багытында мугалимдер жана окуучулар арасында жашоо турмушта психологияны колдонуу үчүн консультацияларды өткөрүүгө милдеттүү.
3.14 Окуу тарбия иштерине жана педагогикалык кенешмеге, методикалык иш чараларга катышып, алардын чечимдерин ата-энелер чогулуштарында чечмелеп түшүндүрүп берүүгө милдеттүү.
3.15 Кыргыз республикасынын билим берүү тармагынын дагы башка багыттарын жана чектөө актыларын билүүгө, заманбап педагогикалык технологияларды, конфликттик окутууну билүү, учурдагы технологиялык диагностиканын себептерин, аларды жоюу жана алдын алууга, компьютердик каражаттар менен иштөөнү билүүгө милдеттүү.
3.16 Өрт коопсуздугун жана техникалык коопсуздукту сактоо эрежелерин билүүгө милдеттүү.
3.17 Окуу тарбия процесстерин жакшыртуу максатында сунуш киргизип турууга милдеттүү.
3.18 Системалык түрдө өзүнүн кесиптик билим деңгээлин жогорулатып турууга милдеттүү.
3.19 Мектепте жана коомдук жерлерде өзүн өзү алып жүрүүсү этикалык нормадан чыкпай педагогдун жүрүм турумуна шайкеш алып жүрүүгө милдеттүү.
3.20 Мектептин ички эмгек тартибинин эрежелерин сактоого милдеттүү.

**4. Укугу**

Психолог-педагогдун укуктары.

4.1 Уставынын негизинде мектептин башкаруу иштерине катышууга укуктуу.
4.2 Кесиптик ар-намысын коргоого укуктуу .
4.3 Өзүнүн атына жазылган арыз менен таанышууга жана аларга түшүндүрмө берүүгө укуктуу.
4.4 Психологиялык – педагогикалык норма менен кесиптик этикет бузулуп, Кызматтык – тартиптик териштирүү учурунда өзүн өзү же адвокаттын жардамы менен коргоого укуктуу.
4.5 Кызматтык – тартиптик териштирүүнү жабык жашыруун иликтөөнү суранганга укуктуу.КР мыйзамдарына каршы келбесе.
4.6 Психологиялык - педагогикалык методдорду жана методикаларды иштөөдө эркин өз оюу менен тактоого укуктуу.
4.7 Кесиптик денгээлин өнүктүрүүгө укуктуу.

4.8 Аттестациядан өз каалоосу менен өтүүгө жана категориясын жогорулатууга укуктуу.
4.9 Психологиялык иш-чараны жүргүзүү үчүн тиешелүү бардык каражаттарды мектеп директорунун камсыз кылып берүүсүн талап кылууга укуктуу.
4.10 Жалпы мектеп кызматкерлеринин (мектеп администрациясын, ашкана кызматкерлеринин, коопсуздук кызматкерлеринин) план боюнча жана жыл ичинде пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү максатында психологиялык абалын аныктап, психологиялык изилдөө жүргүзүүгө укуктуу.
4.11 Мектеп ичиндеги экзамендерде, мамлеккеттик аттестациялоодо окуучуларга психологиялык колдоо көрсөтүү үчүн катышууга укуктуу.
4.12 Мектепте окуучуларды, педагогдорду жана башка кызматкерлерди кабыл алууда мектептин өнүгүүсүн жакшыртуу максатында психологиялык абалын аныктап мектеп директоруна тиешелүү сунуштама берүүгө укуктуу.
4.13 Сабак өтүүдө окуучунун жеке аброюна тескери айткан мугалимдерди жана кураторлорду ээлеген кызматтык ордунан бошотуу боюнча мектеп директоруна сунуштама берүүгө укуктуу.

**5. Жоопкерчилик**

5.1 Психологиялык – педагогикалык иш чаралар учурунда жалгыз же топ менен сыноодон өтүп жаткан окуучулардын ден-соолугуна, укугуна, эркиндигине жооптуу.
5.2 Өзүнүн ишин себеби жок аткарбай же так аткарбай койгондугу үчүн, директордун тапшырмасын, уставдагы же ички эмгек тартибин бузгандыгы үчүн, ушул кызматтык түшүндүрмөнүн ичиндеги милдеттерин аткарбай койгондугуна психолог – педагог тартиптик жоопкерчиликке эмгек кодексинин негизинде тартылат.
5.3 Бир эле жолу окуучуга күч колдонуп же психикалык басым жасоо кездешсе анда КР мыйзамдарына ылайык психолог – педагог жумуштан кесиптик тартиптик текшерүүсү жок эле жумуштан бошотулат.
5.4 Психолог – педагог өзүнүн карамагына колдонууга берилген кеңсенин буюмдарына, оргтехника жана мектептин иш кагаздарына жооптуу.
5.5 Мектептин директору бекиткен график менен иштейт.
5.6 Ишин жылдык план менен жүргүзөт. Планын окуу жылдын башында директорго бекиттирет.
5.7 Окуу жылдын аягында директорго жыл ичиндеги аткарылган иштери боюнча отчетун кагаз түрүндө тапшырат.
5.8 Системалык түрдө өзүнүн кызматына байланыштуу маалыматтарды мектеп администрациасы менен, ата – энелер менен, медициналык кызматкерлер менен алмашып турушу керек.

**6. Документтери**

Психологдо төмөндөгү документтер сөзсүз болушу керек:

6.1 Психологиялык иштин негизги идеяларын жана милдеттерин чагылдырган бир жылдык, айлык жана узак мөөнөттүү пландары;
6.2 Кабинеттин өнүгүү планы;
6.3 Окуучулардын, алардын ата-энелеринин, мугалимдеринин консультацияларынын журналы;
6.4 Окуучулар менен топтук жана жекече иштөө үчүн журнал;
6.5 Иш тартиби, консультациялардын графиги;